**КЫЗЫЛ АЛМА – 2025-ж СЫНАГЫ**

**Датасы:** 2025-жылдын 10-декабры
**Өткөрүлүүчү жай:** Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Бишкек шаары

---

**Жалпы маалымат**

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин журналистика жана коммуникация институтунун “Жарнама жана коомчулук менен байланыш” программасы студенттерди 2025-жылдын 10-декабрында өтө турган **"Кызыл алма"** аттуу жыл сайын өтүүчү чыгармачылык сынагына катышууга чакырат.

Сынак улуу жазуучу **Чыңгыз Айтматовдун** чыгармачылыгына арналган. Анын боорукерлик, абийир жана адамдык кадыр-баркты көркөм жана таасын чагылдырган чыгармалары – биздин маданиятыбыздын бир бөлүгү.

**"Кызыл алма"** — кыялдардын, руханий изденүүлөрдүн жана бүгүнкү күндө бизди шыктандырган идеалдарга умтулуунун символу.

Жыл сайын бул сынак Жусуп Баласагын атындагы КУУ студенттерин бириктирип, алар Айтматовдун идеялары менен каармандарын өз көз караштары жана түшүнүктөрүндө чечмелешет. **2025-жылы программа өзгөчө кызыктуу жана чыгармачылык идеяларга бай.**

---

**Сынак категориялары**

---

**1. Эссе-сторителлинг**

Катышуучулар жеке баяндоо жанрында (сторителлинг) кыска эссе жазышат. Бул Ч. Айтматовдун адамзат, абийир, сүйүү, жаратылышка жана адамдарга болгон мамилеси жөнүндө идеяларынан шыктанган ой жүгүртүү же эскерүү болушу мүмкүн.

**Бааланат:** мааниси, чынчылдыгы, стили жана экспрессивдүүлүгү.
**Формат:** текст (Word .doc/.docx, 2000 сөзгө чейин).
**Жөнөтүү:** WhatsApp → +996 556 582 856

---

**2. Заманбап сахналаштыруу (Театрдык миниатюра)**

Командалар Айтматовдун чыгармаларынын негизинде, азыркы учурду чагылдырган миниатюра коюшат.

**Мисалы:**
– “Биринчи мугалим” – интернет орнотуу аракетиндеги мугалим.
– “Саманчынын жолу” – миграция жана үй-бүлө маселелерин жаңыча көрүү.

**Бааланат:** оригиналдуулук, актердук чеберчилик, заманбап чечмелөө.
**Формат:** команда (3–8 адам), узактыгы 5–7 мүнөт.
**Каттоо:** WhatsApp → +996 709 343 348
(Аталышы, курамы, узактыгы көрсөтүлөт)

---

**3. Постер жана комикс сынагы**

Айтматов чыгармаларына негизделген **комикстер** же **визуалдык постерлер**. Кол менен же санарип түрдө тартылышы мүмкүн.

**Бааланат:** идея, сюжет, визуалдык экспрессивдүүлүк, темага тиешелүүлүк.
**Формат:** жеке же топтук.
**Жөнөтүү:** WhatsApp → +996 555 323 385
(Аты-жөнү, чыгарма аталышы кошулат)

---

**4. Видео-көркөм окуу сынагы**

Айтматов чыгармасынан үзүндүнү көркөм окуп, видеого тартуу. Музыка, декорация, монтаж кошсо болот.

**Бааланат:** дикция, эмоция, видеонун сапаты.
**Формат:** жеке же топтук, 3 мүнөткө чейин.
**Жөнөтүү:** WhatsApp → **+996 504 654 004**

---

**5. Косплей сынагы**

Айтматов чыгармаларындагы каармандардын образын жандандыруу – классикалык же заманбап вариантта.

**Бааланат:** окшоштук, костюм деталдары, чеберчилик.
**Формат:** жеке же командалык.
**Жөнөтүү:** WhatsApp → +996 703 022 892
(Аты-жөнү, каарман, формат – сүрөт/видео/сценка)

---

**“Айтматов шыктандырат” — ачык сахна**

Бул бөлүк өз талантын көрсөтүүнү каалагандар үчүн.

**Мүмкүн болгон форматтар:**

- ыр,
- бий,
- музыкалык номер,
- инструменталдык чыгыш.

Темасы Айтматовдун идеяларына жакын болушу зарыл: адам жана тандоо, сүйүү, эскерүү, руханийлик ж.б.

**Формат:** жеке же топтук, 5 мүнөткө чейин.
**Жөнөтүү:** WhatsApp → +996 703 853 007
(Түрү, топтун аты, узактыгы көрсөтүлөт)

---

**КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ**

- Арыздар **2025-жылдын 25-ноябрына чейин** кабыл алынат.
- Жеке жана командалык катышуу мүмкүн.
- Байге ээси диплом жана эстелик белек менен сыйланат.

## БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТЫ

**Кызыл Алма – 2025 сынагын уюштуруу комитети**
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
Журналистика жана коммуникация институту
Программа: *Жарнама жана коомчулук менен байланыш*

**Координаторлор:**
Т.М. Токторбаева – 0555 771 899
Н.Е. Максимович – 0554 435 425 (tg: zamerzaaal)

**Дарек:** Бишкек ш., Фрунзе к., 547
**Жаңылыктар:** Instagram — @knu_rekso